Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 07.23.671 диссертациялык кеңешинин

**ПРОТОКОЛУ № 45**

Бишкек ш. 21-февраль 2025-ж.

***Төрага:*** Осмонов Ө. Ж. – т.и.д., профессор

***Окумуштуу катчы:*** Карыева А. К. – т.и.д., доцент

**Катышкандар:**

1. Осмонов Өскөн Жусупбекович (төрага) – т.и.д. (07.00.02).
2. Айдаркул Каана (төраганын орун басары) – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
3. Карыева Анара Карыевна (окумуштуу катчы) – т.и.д. (07.00.02; 07.00.09).
4. Абытов Байболот Капарович – т.и.д. (07.00.02 жана 07.00.09). (онлайн)
5. Арзыматова Айнура Атыгаевна – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
6. Болпонова Асыл Бактыбековна – т.и.д. (07.00.02).
7. Джуманалиев Акылбек Джуманалиевич – т.и.д. (07.00.02).
8. Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбекович – т.и.д. (07.00.09).
9. Кылычев Акылбек Мукаевич – т.и.д. (07.00.02 жана 07.00.09).
10. Омурова Жаймыкат Орозобековна – т.и.д. (07.00.02; 07.00.03).
11. Ормушев Асан Сулайманович – т.и.д. (07.00.02).

**Күн тартиби:**

**1.** Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин «Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)» деген темадагы кандидаттык диссертациясынын алдын ала коргоосу.” деген темадагы диссертациялык ишин алдын ала коргоосу.

Адистиги: 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы.

Илимий жетекчиси: т.и.д., профессор Абдырахманов Т. А.

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде аткарылган.

**Төрага:** Күн тартиби боюнча суроолоруздар барбы? Добуш бериңиздер:

«Макул» - 11, бир добуштан кабыл алынды.

Изденүүчүнүн өздүк делосу менен таанышуу үчүн окумуштуу катчы т.и.д. Карыева Анара Карыевнага берилет

**Окумуштуу катчы:** изденүүчүнүн аттестациялык делосу менен тааныштырды.

**Төрага:** окумуштуу катчыга суроонуздар барбы? Жок. Анда сөз изденүүчү Абдиев Жээнбек Сейталиевичке берилет.

**Абдиев Ж. С.:** Урматтуу диссертациялык кеңештин төрагасы жана мүчөлөрү. Менин кандидаттык диссертациямдын темасы «Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)».

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Учур тарыхы тастыктагандай XXI кылымдын негизги өндүрүш күчү катары адамдын ой-жүгүртүү жөндөмдүүлүгү менен акыл эмгеги болууда. Ушундан улам, дүйнө өлкөлөрүнүн алдындагы эң башкы маселелер катары сапаттуу билим берүү жана анын негизинде жарала турган акыл эмгегин өркүндөтүү белгиленүүдө. Ошондуктан бул маселени ар тараптуу илимий изилдөө менен анын турмушта кеңири колдонулуучу жактарын тактап алып пайдалануу, ал эми терс жактарын четке кагуу дүйнөлүк деңгээлдеги өтө актуалдуу маселе ирэтинде коюлууда.

Ал эми өнүгүү ресурстары чектелүү болгон Кыргызстан үчүн жогорку билимдүү адистерди бүгүнкү замандын ылайыгында даярдоо маселеси актуалдуу экендиги талашсыз. Мындай тарыхый шартты эске алуу менен Кыргыз Республикасынын президенти “Дүйнө жүзүндөгү өнүккөн өлкөлөр бардык иш-аракеттеринде билимге таянуу менен алдыга илгерилеп барат. Мына ошондой кезекте өлкөбүздө билим берүү тармагына өзгөчө басым жасоо зарылдыгын баса белгилеп айтып келем. Мамлекетибиздин негизги ресурсу – интеллектуалдык көрөңгөсү бай, идеялары оргуштаган демилгелүү жаштар. Өлкө жетекчилиги мамлекетти өнүктүрүүгө салым кошом деген жигердүү, демилгелүү, аракетчил, мекенчил жаштардын акыл ресурстарына инвестиция кылуу ийгилигибиздин ачкычы экенин жакшы билебиз” – деп баса белгилеген. Изилденип жаткан маселенин постсоветтик Кыргызстандын тарыхындагы абдан актуалдуу тема экендигин баса көрсөтүп келген дагы бир жагдай – билим берүүнүн, өзгөчө кесиптик жогорку билим берүүнүн өтө маанилүү экенине карабастан каралып жаткан жылдарда ал маселе ар- тараптуу изилдөөгө алынбай келгендиктен анын илимий негиздеги оптималдуу өнүгүү багыттарын сунуштоо зарылчылыгына байланыштуу экендигинде.

Чындыгында, диссертацияда каралып жаткан мезгил аралыгында Кыргызстандын билим берүү системасы өлкөнүн башка сфераларынан

айырмаланып өтө көп жолу реформаланган. Бул жылдары бир нече министрлер алмашып, болжол менен ар кандай өңүттөгү, мaанидеги, деңгээлдеги жана мүнөздөгү көптөгөн реформалар жасалган. Натыйжада, билим берүү тармагы кээбир жаңылыктарга жана жетишкендиктерге ээ болгон. Айрым көрсөткүчтөр боюнча чөлкөмдүк жана дүйнөлүк деңгээлдеги жетишкендиктер да болгон. Бирок Кыргызстандын билим берүүсү, анын ичинде кесиптик жогорку билим берүү тармагында олуттуу жетишпестиктер кездешет. Натыйжада, бул сфера XX кылымдын 90-жылдарында кандай абал, мүнөз жана багытта иштеп келсе XXI кылымдын башында деле олуттуу өзгөрүүлөрсүз эскиче кала берген. Муну менен жогорку окуу жайларды өнүктүрө турган негизги базасы, бүгүнкү замандын талабына ылайыкташтырууга, өнүгүүгө муктаж. Азыркы учурда өлкөнүн баардык тармактары олуттуу реформалык кыймылга келип, коом өзгөрүп жатканда биз изилдөөгө алган маселе дагы андан артта калбаш керек. Ошондуктан, бул маселе Кыргызстандын коомдук илимдеринин, ошонун ичинде тарых илиминин алдындагы учурдагы актуалдуу.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты 1991-2010-жылдардагы Кыргызстандын рыноктук шартка өтүшүнө байланыштуу анын жогорку окуу жайларынын экономикалык тарыхын изилдөө болуп эсептелет. Алдыга коюлган изилдөөнүн максатына жетүү үчүн темада камтылган баардык маселелерди терең жана кеңири ачып берүүгө байланышкан төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган:

1. диссертациялык иштин илимий жактан негиздүү жана ынанымдуу болушу үчүн маселени изилдөөнүн теориялык концепцияларын оптималдуу аныктоо, аларды чыгармачылык менен колдонуу;
2. изилдөөчүлүк аракеттердин талаптагыдай жүрүшүнө жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын негиздүүлүгүнө тема боюнча мурда жарык көргөн илимий эмгектерди тыкыр изилдөө, аларга объективдүү баа берүү менен пайдалануу шарт;
3. илимий иштин максатына жетүүдө изилдөөнүн объектиси менен предметин туура жана так аныктап алып, алардын айланасында предметтүү изилдөөлөрдү жүргүзүү маанилүү шарт;
4. диссертацияны ийгиликтүү аткарууда жана анын натыйжаларын илимий негиздүүлүк менен сунуштоодо изилдөөнүн методологиясын туура тандап алуу, аларды оптималдуу колдоно билүү талап кылынат. Ал эми изилдөөнүн булактык базасынын кенендиги жана

маанилүүлүгү аларды пайдалана билүү жөндөмдүүлүк иштин илимий сапатын камсыздайт;

5. постсоветтик Кыргызстандын жогорку билим берүү системасын каржылоону чукул реформалоо тарыхын кароодо эң оболу бул иштин нормативдик-юридикалык жана саясий-директивалык негиздерин изилдеп, иргеп, анализдеп туруп колдонуу зарыл;

6. эмгектин негизги бөлүгү менен изилдөөнүн маанилүү багыты катары бул жылдары Кыргызстандын жогорку билим берүү системасына киргизилген мамлекеттик-жеке менчик жана мамлекеттик-чет өлкөлүк (мамлекет) каржылоо тарыхын изилдөө шарт;

7. Кыргызстандын жогорку билим берүү системасында жеке менчиктик жана чет өлкөлүк жеке менчиктик каржылоодогу жогорку окуу жайлардын пайда болушу өзгөчө маанидеги тарыхый феномендерден болгондуктан булардын экономикалык тарыхы өзгөчө изилдөөгө татыйт;

8. Тарыхый фактыларга таянуу менен илимий-теориялык негизде жыйынтыкталган диссертациянын корутундусу жасалыш керек.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Мурда жарыяланган эмгектердин негизинде, архивдик маалыматтарга таянуу менен эгемен Кыргызстандын жогорку билим берүүсүнүн экономикалык тарыхы изилдөөгө алынды жана бул маселеге байланыштуу архивдик документтер алгачкылардан болуп илимий айлампага киргизилди.

2. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө Кыргызстандын көз карандысыздыгын алгандан кийинки мезгилдеги жогорку окуу жайларды финансылоодогу өзгөрүүлөр, окуу жайлардын экономикалык ишмердүүлүгүнө түздөн-түз тийешеси бар мамлекеттик-укуктук актылар менен ЖОЖдордун экономикалык ишмердүүлүктөрү боюнча топтолгон тарыхый булактык база тарыхыйлуулуктун негизинде илимий анализге алынды.

3. Кыргызстандын көз карандысыз мамлекет болгондон кийинки жогорку кесиптик билим берүү системасындагы өзгөрүүлөргө алып келген трансформацияlануу мезгилиндеги мамлекеттик эмес жогорку билим берүүчү окуу жайлардын калыптануусунун тарыхый өбөлгөлөрүнө жана алардын рыноктук мамилелердин негизиндеги ишмердүүлүктөрүнө анализ кылынды.

4. Кыргызстандын көз карандысыздыкты алгандан кийинки мезгилдин 1991-2010-жылдар аралыгындагы жогорку окуу жайлардын дүйнөлүк билим берүү системасына интеграциялануусундагы экономикалык кызматташуусунун ЖОЖдордун экономикалык абалына

тийгизген таасирине илимий баа берилди.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн процессинде топтолгон тарыхый булактык базанын негизиндеги илимий изилдөөнүн жыйынтыгы Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы рыноктук мамилелер, экономикалык реформалар, экономикалык-финансылык ишмердүүлүктөрү боюнча анализдерди жүргүзүүдө, өлкөнүн билим берүү багыты боюнча стратегиялык пландарды, концепцияларды иштеп чыгууда көмөк бермекчи.

Изилдөөнүн негизинде чыгарылган илимий тыянактар билим берүү системасы боюнча жалпылоочу эмгектерде, изилдөөлөрдө, Кыргызстандын эгемендик доорундагы жогорку кесиптик билим берүү боюнча проблемаларын изилдөө иштеринде кеңири колдонууга сунуш кылынат.

**Коргоого алып чыккан диссертациянын негизги жоболору төмөнкүлөр:**

- Илимдин жетишкендиктерине негизделген интеллектуалдык адам эмгегинин коомдун өнүгүшүндөгү приоритеттүүлүгүнүн өзгөчө орду жана коомдук өнүгүүнүн мындай потенциалын өркүндөтүп туруучу экономикалык инвестициянын зарылчылыгы тууралу дүйнөлүк жана ата мекендик теориялар менен концепциялар жетишээрлик. Алардын тиешелүүлөрү диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык таянычы болду.
- Маселенин актуалдуулугуна жараша бул темага арналган эмгектер коомдук илимдерде бир топ эле десек болот. Алардын ичинде окумуштуу тарыхчылардын эмгектери да арбын. Бирок, жогорку билим берүү системасынын экономикалык маселелери өзүнчө тема менен жеткиликтүү деңгээлде изилденип, так баасын алган эмес.
- Изилдөөнүн максаты менен милдеттерин так жана оптималдуу аныктап алуу диссертациялык иштин талаптагыдай аткарылышына чоң өбөлгө болду.
- Тарых илиминде кеңири колдонулуп келе жаткан илимий изилдөөнүн бир нече методдору менен концепцияларынын негизинде системалаштырылып, оптималдуу пайдаланылган методологиялык база диссертациянын илимий деңгээлине олуттуу негиз болуп берди.
- Суверендүү Кыргызстандын өз алдынча жогорку билим берүү системасынын калыптанышында жана анын башка принциптерге таянган жаңы экономикалык негиздерин түзүүдө Конституция баш болгон бир

рече закондор менен токтомдордун кабыл алынышы, буйруктар менен директивалык мүнөздөгү документтердин чыгышы чоң мааниге ээ болгон.

- Постсоветтик реформалардын жүрүшүндө калыптанып жашап кеткен Кыргызстандын жогорку билим берүү системасы үчүн өтө маанилүү маселе – анын эффективдүү экономикалык базасын түзүү болгон. Бул багытта бир нече экономикалык моделдер кабыл алынып, ишке ашырылган

- Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын негизги экономикалык системасы катары мамлекеттик - жеке менчиктик жана мамлекеттик-чет өлкөлүк каржылоо модели ишке ашырылган.

- Дүйнөлүк жогорку билим берүүгө татыктуу интеграциялануу, чет өлкөлүк инвестицияларды активдүү тартуу жана жаштарды дүйнөлүк жогорку билим берүүгө кеңири аралаштыруу максатында киргизилген ар кандай мүнөздөгү жеке менчик экономикалык моделинин негизинде ачылган чет өлкөлүк жогорку окуу жайлар дагы өз ордуларын таба алышты.

Диссертациялык иш киришүү бөлүмүнөн, үч баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Тарых илиминин коом алдындагы миссиясы тууралуу Кыргыз Республикасынын президентинин “Тарыхты билүү азыркыбызды аныктап, келечекке жол ачат” деп баса белгилегени өлкөнүн тарых илимине жана бул илимди аркалап келе жаткан тарыхчыларына чоң ишеним менен жоопкерчиликти жүктөгөнү. Демек, тарыхчылар өзүлөрүнүн ар кандай изилдөөлөрү жана алардын жыйынтыктары менен өлкөдө болуп жаткан келечектүү реформаларга өздөрүнүн салымын кошушу керек.

Ушуну эске алуу менен диссертациялык иштин максатына ылайык коюлган милдеттерди аткаруунун жүрүшүндөгү изилдөөлөрдүн негизинде Кыргызстандын жогорку билим берүү системасынын экономикалык негиздеринин тарыхы боюнча ар кандай илимий гипотезалык, тыянактар жасалып, кемчиликтер боюнча ар кандай сын-пикирлер айтылып өлкөнүн жогорку билим берүүсүнүн экономикалык абалын мындан ары жакшыртуу боюнча практикалык сунуштар берилди.

Булардын негизинде аткарылган илимий иштин натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

- Ар бир илимий иштин деңгээли анын теориялык негиздери туура тандалып, багытталгандыгында экенин жетекчиликке алуу менен бул өңүттө бир топ изилдөөчүлүк иштери аткарылды. Натыйжада, диссертациянын баардык бөлүктөрү бирдиктүү концептуалдык багытта,

бири-бири менен логикалык бекем байланышта болуп изилдөө теориялык жактан талапка ылайык негизделип аткарылды.

- Диссертацияны аткарууга киришүү алдында теманын изилденүү деңгээлин аныктап, мурдагы изилдөөлөрдүн кемчилиги менен жетишкендиктерин тактап алуу жана ушуларды эске алуу менен ишти аткаруу аракеттери максатка ылайык болду. Каралып жаткан маселе тарых, экономика, педагогика сыяктуу коомдук илимдер тарабынан ар кандай деңгээл жана багытта изилденгени менен түздөн-түз ушул маселеге байланышкан иштер дээрлик жок болгон. Ошондуктан, бул ишти тарых илиминдеги алгачкы изилдөө катары карасак болот.

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн өлкөнүн жогорку билим берүү системасынын экономикалык маселелерине тиешелүү көптөгөн жана ар кандай материалдарды издеп, аларды иргеп, ылайыктуу колдонуу менен илимий жыйынтык чыгаруу үчүн бир топ методдордун топтомунан турган методологиялык база колдонулду. Методологиялык база тарых гана эмес башка коомдук илимдерге тиешелүү изилдөө методдорун дагы ичине камтыды. Изилдөөнүн аткарылышы менен жыйынтыктарынын илимий негиздүүлүгү жана ынанымдуулугу ар түрдүү илимий булактарды (архивдик, статистикалык, талаа материалдары ж.б.у.с.) кеңири колдонуунун натыйжасында жетишилди.

Кыргызстан өз алдынча эгемендүү мамлекет болушу менен өлкөнүн баардык сфераларында көз карандысыз улуттук тармактар калыптана баштаган. Мындай аракеттер жогорку билим берүү системасында дагы башталган жана бул иштин эң маанилүү жагдайы анын экономикалык маселелерин чечүү болгон. Өлкөнүн жогорку билим берүү системасынын экономикалык маселелерин чукулунан жана туура чечиш үчүн зарыл болгон юридикалык (закондор, токтомдор, Жоболор, инструктивдүү документтер ж.б.), саясий-директивалык документтер кабыл алынган. Илимий ишти талаптагыдай аткарып, теманын негизги маселелерин толук ачып бериш үчүн докумнеттер тыкыр каралып, анализге алынып, илимий баа берилүү менен пайдаланылды.

Өлкөнү демократиялаштырууга ылайык башталган экономикалык либерализмдин талаптарына жараша жана суверендүү Кыргызстандын экономикалык кыйын абалын эске алуу менен мамлекеттин жогорку билим берүү системасынын экономикалык негизин биргелешкен мамлекеттик – жеке менчиктик каржылоо модели түзүп калган. Мамлекеттик – жеке менчиктик каржылоо модели эки багытта ишке ашырылып келген. Биринчисинде мамлекеттин өнөктөшү катары жеке инсандардын капиталы болсо, экинчисинде чет өлкөлөрдүн капиталы болгон. Бул модель

Кыргызстандын жогорку билим берүү системасынын негизги жана ишенимдүү экономикалык базасы болгону менен ал олуттуу реформаларга муктаж экендиги, модернизациялоочу кандай кадамдарды жасоо керектиги диссертацияда көрсөтүлдү.

Кыргызстандагы экономикалык реформалардын тереңдешинен улам жана өлкөдөгү жаштардын жогорку билим алууга таңсыктыгынын өсүшүнө жараша (XXI кылымдын башында Кыргызстан студенттердин саны боюнча (10 000 кишиге – 1 студент) КМШда биринчи орунга чыккан) бара-бара жалаң гана жеке менчик капиталына негизделген бир нече мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлары ачылып, жогорку билим бере башташкан. Бирок, алар чакан масштабда болуп, Кыргыз Республикасынын закондору боюнча иштешип, экономикалык жактан мүмкүнчүлүктөрү ченелүү болгондуктан жакшы өнүгө алышкан эмес.

Каралып жаткан жылдары Кыргызстандын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхында өзгөчө орун ээлеп, өзүлөрүнүн экономикалык негизинин оптималдуулугун көрсөтүү менен эл аралык деңгээлдеги университеттерден боло алышкан жеке менчик жогорку окуу жайлары дагы пайда болушкан. Бул окуу жайлардын экономикалык өзгөчөлүктөрү, артыкчылыктары, башкаруулары жана мүмкүнчүлүктөрү Кыргызстандын жогорку билим берүү системасы үчүн көп жагынан үлгү боло алышат.

Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!

**Төрага:** диссертациялык кеңештин эксперттеринин пикрлерин уксак. Сөз тарых илимдеринин доктору, профессор Акылбек Джуманалиевичдин ден соолугуна байланыштуу, пикир менен тааныштырыш үчүн сөз окумуштуу катчы Анара Карыевнага берилет.

**Окумуштуу катчы**: эксперт, т.и.д., профессор Джуманалиевдин пикирин окуп берди. Пикир тиркелет.

**Төрага:** сөз эксперт, т.и.д., профессор Ормушев Асан Сулаймановичге берилет.

**Ормушев А. С** .: эксперттик пикр менен тааныштырып, коргоого кабыл алууга сунуш кылды.

**Төрага:** сөз эксперт, т.и.д., профессор Абытов Байболот Капаровичге берилет.

**Абытов Б. К.:** эксперттик пикр менен тааныштырып, коргоого кабыл алууга сунуш кылды.

**Төрага:** талкууга өтөлү.

Талкууга т.и.д., профессор Арзыматова А. А., т.и.д., профессор Кылычев А. М., т.и.д., доцент Омурова Ж. О., т.и.д., профессор Айдаркул К. катышты.

**Төрага:** Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин «Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)» деген темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча Д 07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперттердин кортундусун жана токтомду бекитүүнү добушка коем.

**«Макул»** - бир добуштан кабыл алынды.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтуна караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 07.23.671 диссертациялык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин «Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)» деген темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча эксперттик кеңештин корутундусу бекитилсин.

2. Абдиев Жээнбек Сейталиевичдин кандидаттык диссертациясы «Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүү системасынын экономикалык тарыхы (1991-2010-жж.)» деген темада 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 – жалпы тарых адистиктери боюнча коргоого кабыл алынсын.

3. Бекитилсин:

*Жетектөөчү мекеме:* Кыргыз – Түрк Манас университетинин гуманитардык факультетинин тарых бөлүмү.

*Расмий оппонент:* 1-расмий оппонент катары тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулайманович; 2-расмий оппонент катары тарых илимдеринин кандидаты, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессору Бедельбаев Аскарбек.

Диссертациялык кеңештин
төрагасы, т.и.д., профессор Осмонов Ө. Ж.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, т.и.д., доцент Карыева А. К.